



Сканировано с CamScanner

*Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби*

# Усулдук кеңеш- алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу борбору



**Кара-Суу айылы**

Сканировано с CamScanner

1. Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана өркүндөтүү боюнча иш чаралар
2. Метод кабинетти жабдуу
3. Алдыңкы иш тажрыйбаны жайылтуу
4. Предметтер аралык метод бирикмелер
5. Өз билимин өркүндөтүү боюнча мугалимдер менен иштөө
6. Предметтик жумалыктар жана декадалар
7. Жаш мугалимдер менен иштөө
8. Педагогикалык газета, журналдарга окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча усулдук иштелмелерди даярдоо
9. Көргөзмө куралдардын конкурсун уюштуруу
10. Билим сапатын көтөрүү, чейректтик жыйынтыктар боюнча мониторинг
11. Окуучуларды олимпиадаларга даярдоо, жөндөмдүү окуучулар менен иштөө
12. Ачык, үлгүлүү сабактардын өткөрүлүшү
13. Предметтик олимпиадалар, тегерек столдор, семинарлардын өткөрүлүшү
14. Чыгармачыл мугалимдердин иши

Сканировано с CamScanner

- **Усулдук кеңеш** – бул мектептеги окуу-тарбия иштерин алдыга жылдыруудагы негизги күч.
- **Мектептин усулдук кеңеши** – бардык предметтик мугалимдердин курамынан турган коллегиалдуу орган.
- Усулдук кеңештин курамына директордун орун басарлары, китепканачы, тарбиячылар, балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө уюмунун кызматкерлери кирет.
- Усулдук кеңештин төрагасы болуп окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары эсептелет.
- Усулдук бирикменин максаты – мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү болуп саналат.

**Усулдук кеңештин негизги милдеттери:**

- окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана өркүндөтүү боюнча иш чараларды аткаруу;
- окуу-тарбия ишинде окутуунун жаңы технологиялардын ишке ашышын камсыз кылуу;
- мугалимдердин кесиптик квалификациясын, чеберчилигин жогорулатууга өбөлгө түзөт;
- педагогикалык коллектив менен бирдикте мектептин өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктайт;
- предмет аралык усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгүн уюштурууга көрсөтмө берет;
- педагогикалык алдыңкы иш тажрыйбаларды жайылтат;
- предметтик олимпиадаларды, жумалыктарды өткөрөт;
- усулдук кеңеш жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтөт;
- администрация мүчөлөрү менен бирдикте мугалимдерди аттестациялоого катышат;

Сканировано с CamScanner

«БЕКИТЕМИН»
Мектеп директору: [illegible] Дообек уулу
«13» ___09___ 2021-жыл

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин методикалык кеңешинин курамы**

| № | Аты, жөнү | Иштеген иши | Аткарган кызматы |
|---|---|---|---|
| 1. | Акималиева Айнура | ОББ | Жетекчиси |
| 2. | Баякунова Алтын | Тил жааты | мүчөсү |
| 3. | Шамшиева Эркеайым | Табият таануу | мүчөсү |
| 4. | Турсунова Дамира | Социалдык багыттар, көркөм өнөр жана ден-соолук маданияты | мүчөсү |
| 5. | Султакеева Рахима | Башталгыч класстар | мүчөсү |

**ОББ:** [signature] **А.Акималиева**

Сканировано с CamScanner

«БЕКИТЕМИН»
Мектеп директору _______ Б. Бообек уулу
«13» ___09___ 2021-жыл

# Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин метод кеңешинин заседаниелеринин

# ГРАФИГИ

| № | Каралуучу маселелер | Убагы | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1. | Өткөн жылдын жана окуу жылына секциялардын пландарын бекитүү, декадалардын графигин түзүү. Класстар аралык олимпиада өткөрүү . | Сентябрь | Завуч, секция жетекчиси |
| 2. | I чейректин жыйынтыгы II жарым жылдыктын иш пландарын талкулоо, I жылдыкта өткөн декадаларга анализ берүү | Ноябрь | Завуч, секция жетекчиси, предметтик мугалимдер |
| 3. | II чейректин жыйынтыгы, II жарым жылдыктын иш пландарын талкулоо, I жылдыкта өткөн декадаларга анализ берүү | Январь | Завуч, секция жетекчиси |
| 4. | III чейректин жыйынтыгы, жалпы республикалык тестке даярдоо, жаш мугалимдер менен иштөөдөгү насаатчы мугалимдердин отчетун угуу | Апрель | Завуч, насаатчы мугалимдер, жаш мугалимдер, предметтик мугалимдер. |

**ОББ:** _______ **А. Акималиева**

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин метод бирикмелеринин 2020-2021-окуу жылындагы педагогикалык усулдук проблемалары**

| № | Метод бирикмелер | Усулдук проблемалардын темалары |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили , орус тили, чет тили бирикмелери | Кыргыз орфографиясынын негизинде окутуунун жаңы технологияларын жаңычыл инновациялык ыкмаларды интерактивдүү методду ыгы менен колдоно билүү<br>-Этнопедагогика ,этномаданият багытында эне тилин кыргыз элинин үрп-адат ,каада салты, маданий мурастары менен тыгыз биримдикте окутуу ,<br>-Тил үйрөтүүдө көп тилдүүлүккө, көп маданияттулукка кантип багыт беребиз жана ал аркылуу улуттардын достугун чыңдоого үйрөтүү |
| 2. | Башталгыч класстардын бирикмеси | Окуучуларды окуганга ,жазганга, эсептөөгө үйрөтүү менен бирге коомду жана айлана чөйрөнү илимий негизде таанытуу:<br>- Өз ден-соолугуна кам көрүүгө, кырсыктан сактана билүүгө, коомдо өзүн алып жүрүүгө жана адептүүлүккө тарбиялоо |
| 3. | Тарых, адеп, сүрөт ,дене тарбия, эмгекке үйрөтүү, музыка, ТТКН бирикмеси | Элибиздин о.э дүйнө элинин маданий мурастарын кеңири пайдалануу аркылуу:<br>-Окутууну турмуш менен тыгыз байланыштыруу аркылуу түшүндүрүү;<br>-Жарандык жоопкерчиликти, өздүк наркы насилди адептүүлүктү ,башка адамдын укуктарын урматтоо сезимдерин тарбиялоо:<br>-Окуучуларды рухий-ыймандык түшүнүктөрүн терендетип, адептик жүрү-турум сапаттарын калыптандыруу |
| 4. | Биология, математика, химия, физика, информатика, география бирикмеси | Билим берүүдө интерактивдүү окутуунун технолгияларын колдонуу:<br>-маселе чыгарууда окуучуларга кызыктуу, турмуш менен байланышкан маселелерди тандоо<br>-байкоо жана лабораторияда, өндүрүштө күнүмдүк турмушта болуучу химиялык кубулуштарды түшүнүү билгичтиктерин өркүндөтүү;<br>-системалуу биологиялык билим берүүнүн шартында практикалык багытын күчөтүү жана санитардык-гигеаналык билимдин мазмунун кеңейтүү менен окуучунун жашоо көндүмдөрүн маданияттулукка келтирүү |

Сканировано с CamScanner

«Бекитемин»
Мектеп директору [illegible] Бообек уулу Б
«13» ____ 2021-жыл

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин**
**2021-2022-окуу жылына карата**
**түзүлгөн усулдук кеңештин**
**жылдык планы**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1. | Өткөн окуу жылындагы усулдук кеңештин ишинин жыйынтыктары жана окуу жылындагы негизги милдеттер | август | Директор, ОББ |
| 2. | 2021-2022-окуу жылы үчүн окуу пландагы предметтер боюнча мамлекеттик стандарттык окуу программаларын аткаруу боюнча сунуштарды талкулоо | август | УБнын башчылары предметтик мугалимдер |
| 3. | Усулдук кеңештин жаңы курамын түзүү | август | ОББ |
| 4. | Усулдук кеңештин 2021-2022-окуу жылына карата иш планын бекитүү | август | Директор, ОББ |
| 5. | Усулдук бирикменин жетекчилерин шайлоо ,алардын милдеттерин түшүндүрүү | август | ОББ |
| 6. | Усулдук бирикменин пландарын тактоо ,бекитүүгө сунуштоо | август | ОББ |
| 7. | 2021-2022-окуу жылына карата чыгармачыл мугалимдердин көргөзмөлүү сабактарынын графигин түзүү жана бекитүү | сентябрь | ОББ |
| 8. | Предметтик декадалардын графигини түзүү жана бекитүү | сентябрь | ОББ |
| 9. | Мамлекеттик тил күнүнө карата жумалык өткөрүү, анын иш чарасын түзүү | сентябрь | ОББ, кырг.тили мугалими, соц.пед. |
| 10. | Мугалимдердин усулдук ишетр менен иштөө графигин жана иш планын түзүү | сентябрь | ОББ |
| 11. | Мектеп окуучуларын предметтик кружокторго катышуусун көзөмөлдөө жана кружоктордун пландарын бекиттирүү | сентябрь | Директор, ОББ |
| 12. | Башталгыч класстын алдыңкы мугалимдеринин иш тажрыйбасын жайылтуу.Предметтик декадасын өткөрүү | октябрь | УБнын башчысы Султакеева Р |
| 13. | Чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу.Ачык сабак өткөрүү | октябрь | Чыгармачыл мугалимдер |
| 14. | Орус тили жана адабияты сабагында интерактивдүү ыкманын колдонулушу | октябрь | Оторова К, Б.Кожокматов Иш тажрыйбаларынан |
| 15. | Математика, физика, химия, биология жана (экономика) предметтери боюнча усулдук бирикмелердин иштерин кароо | ноябрь | УБнын башчысы А.Акималиева |
| 16. | Мектептик, райондук, зоналык олимпиадалардын жыйынтыктары | ноябрь | ОББ |
| 17. | Чыгармачыл отчёттор ачык сабактардын жыйынтыктарын кароо | ноябрь | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 18. | Предметтик кружоктор жана олимпиадалык топтордун жүргүзүп жаткан иштерин көзөмөлдөө | ноябрь | УБнын башчысы ОББ |
| 19. | Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча көрсөтмөлүү сабактарды өтүү | ноябрь | Чыгармачыл мугалимдер |
| 20. | Тарых сабагын өтүүдө жергиликтүү материалдарды пайдалануу | Декабрь | Тарых мугалимдер |
| 21. | Физика сабагында маселе чыгаруунун ыкмалары | Декабрь | Физика мугалимдер |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 22. | Усулдук кеңештин экинчи жарым жылдык үчүн иш планын талкулоо. Чогулуш өткөрүү. | январь | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 23. | Экинчи жарым жылдык боюнча окуу программаларынын жана жазуу, лабороториялык, практикалык, текшерүү иштеринин нормативдеринин аткарылышын кароо | январь | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 24. | Башталгыч класстарынын окуучуларынын билимдерин, билгичтиктерин аныктоо | январь | УБнын башчысы |
| 25. | Усулдук жаңылыктар. Курстан өтүп келген мугалимдер менен метод алмашуу | февраль | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 26. | Ачык сабактарга катышуу, талдоо. | февраль | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 27. | Предмет аралык усулдук бирикмелер аркылуу мугалимдердин арасында өз ара тажрыйба алмашууну уюштуруу | февраль | ОББ |
| 28. | Предметтик кабинеттердин иш кагаздарын, сакталышын кароо | февраль | Мектеп жетекчилиги |
| 29. | Кыргыз тили, орус тили, чет тили боюнча УБнын ишинин абалык кароо.Отчетторун угуу | март | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 30. | 5-9-класстардын билим деңгээлин көтөрүүдө инновациялык ыкмалар | март | ОББ |
| 31. | Көрсөтмөлүү ачык сабактарды өткөрүү | март | ОББ |
| 32. | Спорттук секциялардын ийримдердин ишин көзөмөлдөө | апрель | ТИУ |
| 33. | 9-11-классынын окуучуларынын өздөштүрүүсүн талдоо. (кыргыз тили, орус тили сабактары боюнча) | апрель | Предметтик мугалимдер |
| 34. | Ата-энелер комитети менен бирдикте бүтүрүүчү класстардын билим сапатын кароо | апрель | ОББ, ТИУ, класс жетекчилер |
| 35. | Башталгыч класстарынын окуучуларынын шар окуусун текшерүү | март | УБнын жетекчилери |
| 36. | Окуу кабинеттеринин абалын көзөмөлдөө | май | УБнын жетекчилери |
| 37. | Усулдук бирикмелердин жылдык отчетторун угуу жана жыйынтыктарын чыгаруу | май | УБнын жетекчилери |
| 38. | Класстык журналдарды отчеттук кагаздарды бүтүрүүчүлөрдүн билими тууралуу документтерин алууга даярдоо. | май | ОББ |
| 39. | 2020-2021-окуу жылында жүргүзүлгөн иштер боюнча УБнын, алардын жетекчилеринин жыйынтыктарын чыгаруу | май | ОББ |
| 40. | Усулдук кеңештин 2020-2021-окуу жылындагы аткарган бир жылдык ишин жыйынтыктоо. Кеңештин ишиндеги жетишкендиктерди, кемчиликтерди аныктоо | июнь | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |
| 41. | Усулдук кеңештин жаңы окуу жылына карата планын, долбоорун түзүү | июнь | Усулдук кеңештин мүчөлөрү |

Усулдук кеңештин төрайымы: [signature] Акималиева А.

Сканировано с CamScanner

Шапак Рысмендеев
атындагы орто мектебинин
окуу- тарбия иштери
боюнча директордун орун
басарынын алдындагы кенешмеси

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби**

## №1 ТОКТОМУ

**Катышканы -39 мугалим**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы

2.Окуу планы боюнча сааттарды бөлүштүрүү

3.Жаңы окуу жылына иш план түзүү

4.Жаш мугалимдерге насаатчы мугалим бекитүү

1-маселе боюнча ОББ. Акималиева Айнура 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча усулдук бирикме жетекчилеринин тексттик отчетторунун негизинде жалпы мектептин текстик отчету даярдалганы боюнча маалымат берди.(Тиркеме-1)

2-маселе боюнча ОББ Акималиева Айнуранын баяндамасы:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы токтомунун негизинде кабыл алынган мамлекеттик билим берүү стандарты жана 2022-жылдын 28-майында Билим берүү жана илим министрлигинин №1 токтому негизинде кабыл алынган базистик окуу планы менен башталгандыгы боюнча кыскача маалымат берди.

"Кыргыз тили" окуу предметтери эне тили катары 1-класстан 11-класска чейин окутулат.Окутуу "Кыргыз тили", "Орус тили" предметтеринин экинчи тил катары окуу жүктөмүнө сааттын саны ар бир жалпы билим берүүчү уюмдун окутуу жүргүзүлгөн тилинен көз каранды болот.

"Кыргыз адабияты", "Орус адабияты" өз эне тилинин адабияты катары жана "Кыргыз адабияты" жана "Орус адабияты" экинчи адабият катары 5-11-класстарда мурдатан бекитилген стандарттар ,окуу программалары боюнча окутулат.

"Чет тилин" үйрөнүү 3-11-класстарда ишке ашырылат.

Тарых предмети 5-11-класстарда окуу программасына ылайык, "Дүйнө тарых" жана "Кыргызстан тарыхы" курстары менен кезектешип окутулат.

5-6-класстарда "Тарых "предмети боюнча сабактар предметтик стандартка 7-11-класстарда колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Журналдарга "Тарых" деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендери Кыргызстан тарыхынан гана тапшырылат.

5-6-класстарда "Адам жана коом" предметин окутуу жаңы предметтик стандартка , окуу программасына ылайык ишке ашырылат. 9-11-класстарда "Адам жана коом" предметин окутуу мурда бекитилген программа боюнча ишке ашырылат.

"Мен жана дүйнө" ,"Табият таануу" предмети 1-4-класстарда жана "Адеп" предметтери менен интеграцияланып окутулат. 5-класста "Табият таануу" предмети жумасына 1 саат окутулат. 5-класстагы интеграцияланган курсу өзүнө курчап турган кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, мектеп окуучуларын табигый-илимий предметтерди КР жалпы билим берүү мектептеринин 6-11-класста окууга даярдайт.

7-9-класстарда "Физика" предметин окутууга жумасына 2 саат, 10-класста 3 саат бөлүнгөн.

Сканировано с CamScanner

11-класста “Физика” жана “Астрономия” курстары интеграцияланып “Физика. Астрономия” предмети катары жумасына 3 сааттан окутулат. Журналга дагы “Физика.”Астрономия” аталышында жазылат.

Математика предмети 1-6-класска чейин окутулат. 7-11-класста “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

8-9-класстарда “Технология” предметин окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат.

7-класста “Технология” сабагы 1-жарым жылдыкта, ал эми “Көркөм өнөр” сабагы жумасына сааттан окутулат.

“Информатика” предмети предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык, окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-6-7- жаңа 9-класстарда жумасына 1 сааттан. 8-класста 2 сааттан окутулат. “Информатика” предмети санариптик сабаттуулуктун негиздерин, программалоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн окутулат.

“ Көркөм өнөр” жана “Музыка” предметтери 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга , окуу программаларына жана окуу методикалык комплекстерине ылайык окутулат.

7-класста “Көркөм өнөр” сабагынын 1 сааты “Биология” сабагына өткөрүлдү. Мектептин түрүнө, окутуу тилине жана менчик формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык класстарында “Биология” сабагын синхрондоштуруу болду.

“Орус тили”,”Англис тили“, “Информатика”, “Технология” предметтери боюнча сабактарды өткөрүүдө класс 2 тайпага бөлүнөт.

- “Информатика” боюнча 5-9-класстарда окуучулардын 25 же андан ашык болсо;

-“Англис тили” боюнча , ошондой эле кыргыз жана орус тилдерин экинчи тил катары 1-9-класстарда окутууда окуучуладын саны 30 же андан ашык болсо, 10-11-класстарда окуучулар 25, же андан ашык болсо,

11-класстын өспүрүм окуучулары “Аскерге чейинки даярдоо” предмети боюнча апрель-май айларында окуу-талааларына 3 күн(18 саат) чыгышат, ал эми окуучу кыздар үчүн дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдык боюнча сабактар (18 саат) өтүлөт.

3-маселе боюнча ОББ Акималиева Айнура төмөнкүлөргө токтолду:

Усулдук бирикменин жетекчилери 2022-2023- окуу жылына карата Усулдук бирикмеде аткарылуучу иштер боюнча талкуулап, жылдык , айлык иш пландарды түзүп, бекиттирүүнү сунуштады.

4-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчилери жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү боюнча сунуштарын айтышты.

-Чолпонбек кызы Айгерим-башталгыч класс мугалими, насаатчысы-
Султакеева Рахима;

**Токтом:**

1.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер канааттандырарлык деп табылсын.
2.УБ жетекчилер менен биргеликте мугалимдерге сааттар бөлүнүп берилсин, пландар түзүлүп, бекиттирилсин.
3.Ар бир усулдук бирикмеде жылдык пландар түзүлүп, бекиттирилсин.
4.Жогоруда сунушталган мугалимдер жаш мугалимдерге насаатчы болуп дайындалсын.
5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө усулдук кеңештин төрайымы Акималиева Айнурага милдеттендирилсин.

**Усулдук кеңештин төрайымы:** **А. Акималиева**
**Катчы:** **С. Айтиева**

Сканировано с CamScanner

**Кочкор районуна караштуу Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында Усулдук кеңештин сентбрь айында өткөрүлгөн чогулушунун №2 протоколу**

**Кара-Суу айылы** **29.09.2022-ж**

**Катышканы -39 мугалим**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш- чаралардын өтүшү.
Кыргыз тили жана адабияты УБ жетекчиси – Баякунова. А

2.5-класстардын жазуу иштеринин жыйынтыгы сөз

3.Олимпиадалык топтордун иш аракети.

1-маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты УБ жетечиси Баякунова Алтын Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш план түзүлдү.

23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүнө карата 1 айлыктын алкагында көркөм окуу, дил баяндар, сүрөт, манасчылар конкурсу жарыяланды жана ачык сабактар өтүлүүдө. Кыргыз тили мугалими Бегалиева Нурзат тарабынан «Кыргыз тилим эчен кылым карыткан,эч ким аны очуро албайт тарыхтан ”-деген темада 8-11 класстар аралык конкурс өткөрдү. Манасчы, семетейчи Жаңыбай Кожек уулунун 150 жылдыгына карата өмүрү чыгармачылыгы боюнча ачык сабак, тегерек стол, “ Манас айтуу” сынагы болуп өттү.

Ар бир класстарда мамлекеттик тил боюнча тарбиялык сабактар өтүлүп, негизги максаты окуучулар өз эл жерин, мамлекеттик тилибиз- мамлекеттик тилди, ата бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектеп, Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу, достукка ж.б тарбиялоо болду.

Ар бир улуттун негизги өзгөчүлүктөрүнүн бири, элдин элдүүлүгүн идентүүлүүгүн аныктаган бул анын- тили. Эгер улут тилин жоготсо, бара-бара элдүүлүгүн жоготот. Андыктан кыргыз тилинде сүйлөп ,эне тилдин өркүндөшүнө салым кошуу ар бир кыргыз атуулунун ыйык милдети экендигин мугалимдер өздөрүнүн сабактарында басым жасап айтып жатышты.
2-маселе боюнча сөз 5-класстардын I баскычтан II баскычка өткөндүгү ылайыкташуусу, алардын билим сапаты боюнча болду. Кыргыз тилинен жат жазуу алынды. 5-а класс 45%, 5-б класс 42,3% билим сапатын берди. Математикадан 5-а класс 44,8. 5-б класс 43% билим сапатын берген. Орус тилинен жат жазуунун жыйынтыгы 5-а класс %, 5-б класс %.
Негизги көйгөй айрым окуучулардын кол жазмалары өтө начар, тамгаларды элементи менен жазуудан, үндүүлөрдөн, катар келген үнсүздөрдөн, йоттошкон тамгалардан жана сөздөрдү ташымалдоодон кыйналышат.
3- борборлордо даярданып жаткандыгын билдирди.

**Токтом:**

1. Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш чаралар канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Ар бир предметтик мугалим сабак өтүүдө предмет менен тилди интеграциялап окутуу колго алынсын.
3. Өздөштүрүүсү начар 5-класстардын окучууларарына иш пландардын негизинде мугалимдер -маселе боюнча ар бир усулдук бирикменин жетекчилери олимпиада боюнча жылдык пландар түзүлүп бекитилгендигин, олимпиадалык топ түзүлүп, жуманын ар шейшемби жана бейшемби күндөрү мектепте жана мындан сырткары окуучулар атайын окуу тарабынан жардам көрсөтүлсүн.
4. Мугалимдер тарабынан олимпиадалык топ менен иштөө күчөтүлсүн.

**Усулдук кеңештин төрайымы:** **А.Акималиева**
**Катчы:** **С.Айтиева**

Сканировано с CamScanner